УДК: 397
DOI 10.33514/1694-7851-2024-3/2-266-271

**Зайниев Р.А.**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети.
Бишкек ш.
**Сабитакунова Т.С.**
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети.
Бишкек ш.
tamarasabitakunova@gmail.com

# ОРТО КЫЛЫМДАРДАГЫ БОРБОРДУК АЗИЯ ЭЛДЕРИНИН ЭТНОГЕНЕЗИ ЖАНА ЭТНИКАЛЫК ТАРЫХЫ

**Аннотация:** Макалада орто кылымдагы Борбордук Азия элдеринин отурукташуусунун жана миграциясынын негизинде тилдик, маданий жана этногенетикалык өзгөчөлүктөрүнүн жалпылануусу талдоого алынган.

**Негизги сөздөр:** орто кылым, Борбордук Азия, түрк, уруу, тил, маданият, шаарлар, этнос, этногенез, көчмөн.

**Зайниев Р.А.**
кандидат исторических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Сабитакунова Т.С.**
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
tamarasabitakunova@gmail.com

# ЭТНОГЕНЕЗ И ЭТНИЧЕСКАЯ ИСТОРИЯ НАРОДОВ СРЕДНЕЙ АЗИИ В СРЕДНИЕ ВЕКА

**Аннотация:** В статье анализируется обобщение языковых, культурных и этногенетических особенностей народов Центральной Азии в средние века на основе расселения и миграции.

**Ключевые слова:** Средневековье, Средняя Азия, тюрк, племя, язык, культура, города, этнос, этногенез, кочевник.

**Zainiev R.A.**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Sabitakunova T.S.**
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
tamarasabitakunova@gmail.com

## ETHNOGENESIS AND ETHNIC HISTORY OF THE PEOPLES OF CENTRAL ASIA IN THE MIDDLE AGES

**Abstract:** The article analyzes the generalization of the linguistic, cultural and ethnogenetic characteristics of the peoples of Central Asia in the Middle Ages on the basis of settlement and migration.

**Key words:** Middle Ages, Central Asia, Turk, tribe, language, culture, cities, ethnic group, ethnogenesis, nomad.

Борбордук Азия элдеринин отурукташкандыгын чагылдырган азыркы этникалык карта миңдеген жылдарга созулган этногенетикалык жана миграциялык процесстердин натыйжасы болуп саналат.

Эрте орто кылымда VI кылымдын ортосунда Тянь-Шандын аймагына Борбор Азиядагы түрк урууларынын олуттуу массасынын көчүрүлүшүнүн мезгили болгон.

Түрктөрдүн калың массасынын алдыга жылышына карата үстөмдүк абалды негизинен тоо этектеринде жана тоо өрөөндөрүндө жашап, жарым көчмөн мал чарбачылыгы менен алектенген сак-усун урууларынын урпактары ээлеген.

Аларга тиешелүү эстеликтер VI–VIII кылымдардагы катакомбалар, жер астындагы көрүстөндөр эсептелинет. Бул маданиятты алып жүрүүчүлөр – Тянь – Шанга жер которуп келишкен көчмөн уруулар. Анткени, көрсөтүлгөн аймакта каралып жаткан мезгилге чейин согду тилинде сүйлөгөн элдин катмары жашаган.

Саясий биримдиктен жана маданий бүтүндүктөн ажыраган Жети-Суу менен Тянь-Шандын автохтон уруулары ассимиляцияга дуушар болушуп, Борбордук Азиядан күчтүү жана бириккен жаңы келгиндердин кысымы астында акырындык менен эң жакшы жайыттарынан жана жерлеринен ажырап калышкан.

Археологиялык маалыматтарга караганда, курал-жарактын, ат жабдыктарынын жана кийим элементтеринин бирдейлигинде туюндурулган мал чарба чөйрөсүндөгү материалдык маданияттын биригүү процессинин башталышын байкоого болот.

Биздин замандын VI–VIII кылымдарындагы көчмөн түрк урууларынын келиши менен Кыргызстандын аймагында жашаган калктын антропологиялык курамы мезгилдин өтүүсү менен өзгөрө баштаган. Алгачкы түрктөрдүн баш сөөктөрүндө монголоиддик баш сөөктөр менен катар монголоиддик же көбүнчө кавказдык өзгөчөлүктөр басымдуулук кылган аралаш типтер кездешкен, бул жергиликтүү кавказдык уруулардын жаңы келгендер менен интенсивдүү аралашуусунун натыйжасы болуп эсептелинет. Убакыттын өтүүсү менен монголоиддик белгилер басымдуулук кылган тоолуу аймактардын калкынын тыш келбетинде олуттуу айырмачылыктар байкала баштаган.

VI–VIII кылымдардагы бул өзгөрүүлөрдү эске алуу менен орус окумуштуулары Т. М. Юдин, В. Ю. Гумилёв, А. А. Постниковдордун биргелешкен “Тюркский каганат и этногенез тюркских народов” аталышындагы макалада Улуу Талаа түрктөшүп, алар батышы жана чыгышта жашаган башка элдерди өз карамагына бириктирген деген пикирди белгилешкен. Түрк элдеринин аралашуусу жүргөн. Анын натыйжасында монголоиддик аралашма (50%га чейин) басымдуу боло баштаган. Ушундай эле көрүнүш Орто Поволжьедеги түрк элдеринин басымдуу көпчүлүгүнүн арасында да байкалат. Канчалык Волга-Уралдан чыгыш тарапка, түрк элдеринин ата-бабаларынын мекенине жакындаган сайын, түрк элдеринин сырткы

көрүнүшүндө ошончолук монголоиддик белгилер басымдуу болот" – деп жазышкан. Албетте, бул алтай аймактарында жашаган түрк тилдүү элдерге тиешелүү жыйынтык [10].

Батыш Түрк каганатынын түзүлүшү жана анын саясий ишмердүүлүгү Орто кылымдагы түрк этногенезинде таасирдүү роль ойногон. Ошол мезгилден тартып Орто Азиянын отурукташкан аймактарында күчтүү түрктөштүрүү башталган. Мындайча айтканда, иран жана түрк этникалык дүйнөсүнүн ортосундагы маданий жана этникалык алмашуу, аралашуу жүргөн. Анын натыйжасында Аму-Дарыя менен Сыр-Дарыянын аралыгындагы аймактын түрктөлүшү Далобян же Абруйдун убагында өзгөчө активдүү башталган.

Бул мезгилдин саясий тарыхы жана анын мааниси С. Толстовдун эмгектеринде толукталып, жаңыча көз караштар менен чагылдырылган [9]. Бул эпизод түрктөрдүн этникалык жактан Орто Азияга массалык түрдө киришинин фактысы катары өзгөчө мааниге ээ. Азыркы күндө да Зеравшан конуштарынын тиешелүү катмарларында түрк этникалык тибин чагылдырган көптөгөн статуеткалардын табылуусу кокусунан эмес. Мындай табылгалар, Афросиабдан, Талибарзудан [4] ж.б. жерлерден да кездешет.

Ал эми Согд маданиятынын Жети-Суудагы таасири катары, зороастризмге тиешелүү айкелдердин табылуусун белгилөөгө болот. Андан сырткары Византиядан монголдук башкарууга чейинки портреттердин галереясын кезиктирүүгө болот[2].

VI–VIII кылымдарда Орто Азия менен Казакстандын талаа аймактарында тилдик кырдаал да олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон.

Автохтондук иран тилдүү жана түрк тилдүү уруулар менен карым-катнашта болгон Орто Азия түрктөр көчүп келгенге чейин эле VI кылымда Волга боюнда бир нече байыркы түрк тил топтору пайда болгон: булгар-хазар, батыш түрк (огуз) жана карлук.

Батыш түрк жана карлук топтору Кыргызстандын аймагы менен түздөн-түз байланышта болушкан. Жалпысынан Енисейдеги, Монголиядагы жана Кыргызстандагы руникалык жазуу эстеликтеринин тили тилдердин классификациясынын бирдиктүү тобуна кошууга мүмкүндүк берген бир катар жалпы өзгөчөлүктөргө ээ.

Бир катар эстеликтерде байкалган диалектилик айырмачылыктарга карабастан, байыркы түрк рун жазуусунун тили Түрк каганатынын жана анын ордун ээлеген мамлекеттик түзүлүштөрдүн аймагында VII-X кылымдарда кеңири таралган жалпы адабий тил болгон.

Жети-Сууда түрк тобундагы тилдер менен катар иран (негизинен согду) тил тобу сакталып калган. Батыш Түрк каганаты түрк жана чыгыш иран тил катнаштарынын аймагы болгон.

Муг тоосунан алынган согду документтеринде байыркы түрк лексикасы жөнүндө маалымат берилип, анда катчылар түрк уңгу сөздөрдү жазууда түрк тилинин грамматикасын колдонушкандыгы белгиленген [5, б.53].

Жети-Суунун отурукташкан дыйканчылык жана шаар маданияты таралган аймактарында сирия тилинде сүйлөгөн адамдардын чакан топтору да болгон.

VII–VIII кылымдарда Батыш түрктөрдүн этнографиялык мүнөздөмөсүндө аларды чыгыш түрктөрүнөн айырмалап турган өзгөчө белгилердин пайда болгондугу боюнча маалыматтар дагы кездешет. Афрасиабдын таш скульптуралары жана талаа сүрөттөрү боюнча изилдөөлөр эки өрүлгөн чачтуу чыгыш түрктөрүнөн айырмаланып, батыш түрктөрүндө 4-7 өрүмдөн турган чач жасалгасын алып жүргөндүгү белгиленет. Батыш түрктөрү жашаган аймактарда таштан жасалган үч мүйүздүү баш кийим жана мантия-шапкалуу аял скульптуралары кеңири таралган.

VI–VIII кылымдарда көчмөн мал чарбачылыгы тараган аймактарда түрк жана түрк эмес уруулардын маданиятынын жакындашуу процесстери байкалат, алар материалдык маданияттын бирдейлигинде, сөөк коюу каадасынын ар кандай элементтеринин өз ара киришинде жана пайда болгон жалпы этнографиялык өзгөчөлүктөрдөн көрүнүп турган.

Дал ушул мезгилде уруунун чегинен чыккан жамаат жөнүндөгү ойлор пайда болуп, ал бардык он уруунун бирдиктүү аталышынын – "он ок бодун" – "он жебе эли" деген аталыштын таралышы менен коштолуп, уруулардын аталыштары сакталган. Бирок, бул процесстер өтө жай жүргөн.

VI–VIII кылымдарда бирдей жай отурукташкан калктын арасында да этникалык процесстер жүргөн. V-VI кылымдарда башталган жана өзгөчө VII кылымда бул процесстер күч алган. Согдулук колонизация жана ага байланыштуу Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн урбанизацияланышы Тянь-Шань аймагынын жалпы маданий өнүгүүсүндө отурукташкан дыйканчылык калктын ролун жогорулаткан. Бул мезгилге чейин ири отурукташкан конуштар Ферганада гана болгон.

Тиричилик буюмдарына түшүрүлгөн сириялык жазуулар жана христиандык символдор (Тараз, Навакет, Суяб), ошондой эле VII-VIII кылымдарга таандык Чүй өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө (Ак-Бешим) несториан чиркөөсүнөн табылган. Бул жердеги табылгалар Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүнөн келген иммигранттар түптөгөн христиан жамааттары бар экендигин далилдейт [3, 105-б.].

Ал эми тил, маданий жана экономикалык айырмачылыктар менен татаалдашкан түрктөр менен согдулуктардын этностор аралык интеграция процесстери жай жүргөн [5].

Жети-Суудагы жана Согдулук ак сөөктөрүнүн эң жогорку катмарларынын ортосунда куда-сөөктүк мамилелер түзүлө баштаган. Түрк кагандары кыздарын Согдулук, Кашкарлык жана башка аймактардын башкаруучуларына беришкен. Бирок мындай мамилелер этникалык процесстерге олуттуу таасир тийгизе алган эмес.

Антропологиялык маалыматтарда моноголоиддүүлүктүн кээ бир белгилеринин гана болгондугун отурукташкан айыл чарба калкынын арасында европеоиддик компонент басымдуулук кылгандыгы көрсөтүп турат.

Түрктөрдүн таасири астында согдулуктардын сөөк коюу ырымынын айрым элементтери да байкала баштаган.

VI-VIII кылымдын биринчи жарымында Жети-Суу жана Тянь-Шандын аймагындагы этникалык процесстер, көчмөндөр менен отурукташкан калкты түрктөштүрүү жалпы тенденцияга ээ болсо да, алар жай темп менен жүргөн. Бирок, VIII кылымдын орто ченинде уруулук да, маданий да, тилдик да, расалык да айырмачылыктар тап такыр жок болуп кеткен эмес.

Тянь-Шанга жана Жети-Сууга карлуктардын жана алардын союзуна кирген чигилдер менен ягмалардын (746-766-ж.ж.) жер которуусу олуттуу этникалык өзгөрүүлөргө алып келген.

VIII–IX кылымдарда түрк урууларынын ээлик кылуусу жергиликтүү калкты жайыттарынан жана жерлеринен ажырап калуусуна агасыз кылган. Көчмөндөр согдулуктардын буга чейин түптөлгөн шаарларына отурукташып, өздөрү да жаңы конуштарды түптөшкөн.

Көчмөндөр шаарларга отурукташуу менен жаңы экономикалык, этникалык, диний жана маданий чөйрөгө туш болушкан. Түрктөр менен согдулардын мындай шартта чогуу

жашоосу этникалык процесстердин жана маданий өз ара таасирлердин тездешүүсүнө алып келген.

Мындай өзгөрүү түрк элдеринин курал-жарактарынын, ат жабдыктарынын, кийим-кече элементтеринин жайылышынан байкалган. Краснореченск оссуарийлеринин барельефтеринде согдулуктардын узун кафтандарда, белине тартылган курларында, тизеге чейин жеткен узун жумшак өтүктөрүндөгү элементтерде байкалган. Согдулардын кийимдери, түрктөрдүн кийиминен эч айырмаланбай калган. Ушул сыяктуу маданий байланыштар убакыттын өтүүсү менен кеңейе берген.

Карлук доорунда Жети-Суу шаарларында жашаган согду жана түрк тилдеринде сүйлөгөн калктарда этномаданий байланыштарын казуулардан табылган жазуулардын фрагменттери тастыктап турат. Түрктөр согду жазуусун ошол эле мезгилде байыркы түрк руникалык алфавитин колдонушкан.

Караханиддер доорунда Жети-Суу менен Тянь-Шань жаңы этникалык жүзгө, коомдук-экономикалык түзүлүшкө, рухий маданияттын жаңы тибине ээ болгон.

Орто Азиянын отурукташкан цивилизациясынын күчтүү таасири түрк уруулары жаңы экономикалык жана социалдык мамилелердин системасына тартылуусун шаттаган. Экономикалык жана маданий байланыштар түрк урууларынын исламдашуусунун натыйжасында (X-XI кылымдар) тездеген [6, 21-б.].

XI кылымдын орто ченинде Жети-Сууда жана Кашкарда Махмуд Кашкари далилдегендей, отурукташкан маданиятты негизги алып жүрүүчүлөр түрк уруулары болушкан. Бул жагдай этникалык процесстердин багытына олуттуу таасирин тийгизген.

Жусуп Баласагундун «Кутадгу билиг» эмгегинде мындан ары уруулар эмес, караханийлер коомунун түрдүү социалдык топтору мүнөздөлгөн [7].

Мамлекеттин спецификалык саясий системасы түрк урууларынын мурдагы биримдигинин бузулушуна шарт түзгөн. Аймактык жактан алганда уруулар чачырап, майдалары чоңдорго кошулуп, этностук өзгөчөлүгүн жоготуп, мурдагыдай саясий биримдикти да, маданий-идеологиялык жамаатты да түзбөй калган.

Караханиддер мамлекетинин курамына кирген башка ири уруулар – карлуктар, ягмалар, тухсилер өз иденттүүлүгүн жоготушпаган. Алардын айрымдары көчмөн мал чарбачылыгын улантышса, башкалары отурукташкан жашоого өтүшкөн.

XI-XII кылымдардагы этникалык өнүгүүнүн негизги тенденциясы уруулук байланыштарды социалдык (иерархиялык) байланыштар менен алмаштырууга, уделдик системаны түзүүдө жана чындоодо өзүнүн саясий көрүнүшүн тапкан аймактык бирикмелердин үстөмдүгүнө багытталган.

Түрк урууларынын этникалык консолидацияланышынын маанилүү фактору болуп бирдиктүү адабий тилдин калыптанышы саналат.

Махмуд Кашкари бардык түрк тилдерин эки топко бөлөт: 1 – таза, аралашпаган, туруктуу тилдер; 2 – аралаш, туура эмес, бузулган. Анын ою боюнча, «эң таза жана эң туура» тил көчмөн турмушта жашаган жана шаардыктар менен тынымсыз байланышта болбогон түрктөрдүн арасында сакталып калган. Анын арасында Жети-Суулук тухси жана Тянь-Шандык ягма уруулары кирет. Ал эми шаардын жашоочулары жана алар менен тынымсыз баарлашкандардын тилдери туура эмес, бузулуп калган деп жазат.

XI-XII кылымдарда Жети-Суу шаарларында согдулуктардын ассимиляциялоо процесси аяктаган. Махмуд Кашкаринин айтымында, бул жерде кош тилдүүлүк үстөмдүк

кылган: «Баласагундун тургундары ошондой эле Тараз менен Ак шаардын тургундары согди жана түрк тилдеринде сүйлөшөт.» [8].

VI-XII кылымдардагы Тянь-Шань менен Жети-Суудагы этникалык өзгөрүүлөрдүн жалпы натыйжасынын негизинде бул калктардын арасында, Караханиддер доорунда өзүнүн туу чокусуна жеткен, анткени өз ичинде иш жүзүндө бирдей болгон жана бири-бири менен тыгыз байланышта болгон отурукташкан дыйканчылык жана көчмөн маданияттары менен татаал этносоциалдык бирикменин калыптанышы болгон.

Караханиддер мамлекетинин алкагында саясий байланыштар жана тарыхый салттар менен гана эмес, учурдагы турмуштук процесстер менен да бириктирилген уруудан жогорку этникалык жамааттын өзгөчөлүктөрү пайда болгон.

Бул жамааттын андан аркы өнүгүүсү Борбордук Азиянын чыгышындагы этникалык кырдаалды өзгөрткөн монгол баскынчылыгы менен үзгүлтүккө учураган. Борбордук Азиянын этномаданий өнүгүүсү XIII кылымдын башындагы монголдор баскынчылыгында өзгөчө өзгөрүүлөргө дуушар болгон.

Монгол империясы түзүлгөндөн тартып аймакка 200 миңден кем эмес монгол малчылары көчүп келүүсү, алардын отурукташуусунун кесепеттери жөнүндө 1253-жылы Чыгыш Тянь-Шанды кыдырып жүргөн В.Рубрук маалымат калтырган: “Жогоруда аталган түздүктө мурда көп шаарлар боло турган, бирок алардын басымдуу бөлүгү татарлар (монголдор) тарабынан талкаланган. Ал жерлерди монголдор малын багуу үчүн өздөрүнө ыңгайлаштырышкан, анткени ал жерде эң жакшы жайыттар бар болчу” – деп эскерет. Андан сырткары моңголдордон кийин “бүт аймакты басып алышкан жаңы түрк көчмөндөрүнүн чоң массасынын бул жерге көчүрүлгөндүгү» жөнүндө да кабарлайт.

Тянь-Шандын отурукташкан айыл чарба кыштактары жана шаарлары XIII-XIV кылымдын башындагы кийинки феодалдык кагылыштар аймактын ээн калуусуна алып келген.

XV кылымдын акыркы чейрегинде жана XVI кылымдын башында Кыргыздар монгол урууларын Нарындан ары көчүрүшкөн, бул мезгилде кыргыз улутунун түпкү түптөлүшү да аяктаган.

**Колдонулган адабияттар**


1. Бернштам А.Н., Памятники старины Таласской долины. -Алма-Ата, 1941.
2. Бернштам А.Н., Культура древнего Киргизстана. – Фрунзе, 1942.
3. Борисов А.Я., Сирийская надпись на сосуде из Тараза //Изв. АН КазССР, сер. Археологическая. – 1948. – Вып.1. – 105-108-б.
4. Григорьев Т., Поселения древнего Согда. Краткие сообщ. ИИМК, вып. VI; ср. Труды Отдела востока Гос. Эрмитажа, т. II.
5. Кляшторный С.Г., Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии. – М., -1964. – 53-б.
6. Кляшторный С.Г., Эпоха Махмуда Кашгарского // Советская тюркология. – 1972. – №1. – 21-б..
7. Кононов А.Н., Слово о Юсуфе из Баласагуна // Сов. тюркология. -1970. – №4. – 3-12-б..
8. Кошгарий Махмуд, Девону лугат ат тюрк. – Т.1-Ш. – Ташкент, 1960-1963.
9. Толстов С., Тирания Абруя. Историч. записки, т. III, М. – Л., 1939.

10. Юдин Т. М., Гумелёв В. Ю., Постников А. А. Тюркский каганат и этногенез тюркских народов // Научно-методический электронный журнал «Концепт». – 2016. – Т. 15. – 311-315-б.

**Рецензент: кандидат исторических наук, доцент Асекова С.У.**